13-тиркеме

2021-жылдын 5-сентябрындагы
№1 педагогикалык кеңеште
каралды

БЕКИТЕМ
Директор
_______ А.Асаналиева
_______ 2021-жыл

*(Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2018-жылдын 7-мартындагы №269/1 буйругу)*

**К.Чылабаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Аппеляциялык комиссиясынын структурасы жана иштөө тартиби жөнүндө**

**НУСКАМА**

**1-бөлүм**

1. Аттестациялык комиссия Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Аппеляциялык комиссиясы жөнүндөгү жобосунун талаптарына ылайык түзүлөт. Комиссия курамы мектеп директорунун буйругуна ылайык 3 (үч) адамдан түзүлөт.
   - Комиссиянын төрагасы/төрайымы
   - Эки мүчөсү
   - Катчы
2. Аппеляциялык комиссия өз ишин конкурстун же экзамендин жыйынтыгы чыккандан кийин алып барат.

**2-бөлүм. Аппеляциялык комиссиянын укуктук милдеттери:**

3. Конкурстук же экзамендик талдоо бүткөндөн кийин катышуучунун аппеляциялык арызын карайт.
4. Коюлган баанын же жыйынтыктын коюлган талаптарга ылайык келиши жөнүндө чечим чыгарат.
5. Аппеляциялык комиссия билим берүү уюмдарында иштеген кызматкерлердин укуктарын коргоо максаттарын көздөйт.
6. Комиссиянын ишине наразы болгон тарап аппеляциялык комиссиянын төрагасына/төрайымына конкурсту же экзаменди өткөрүүнүн тартиби жөнүндө атайын арыз менен кайрылат. Арызда конкурстук же экзамендик баа төмөндөтүлүп коюлгандыгы жөнүндө ынандыраарлык мисалдарды келтирет.

**3-бөлүм. Конкурстук тандоо жыйынтыктары боюнча аппеляциялык комиссиянын ишин уюштуруу:**

7. Конкурстун же экзамендин тандоо жыйынтыктары боюнча ишти аппеляциялык коммисиянын төрагасы/төрайымы уюштурат.
8. Аппеляциялык комиссиянын чечими комиссиянын мүчөлөрүнүн ачык добушунун негизинде чыгат. Добуштар 2 тарапка теңме-тең болуп калса, комиссиянын төрагасы/төрайымы чечүүчү добушка ээ болот.

Scanned by TapScanner

**4-болүм. Конкурстук тандоодон кийин апелляцияга берүү тартиби:**

9. Апелляция берүүчү конкурстун же экзамендин калыстык менен өтпөгөндүгү жөнүндө, коюлган баага наразы экендиги жөнүндө апелляциялык комиссияга кайрылат.
10. Апелляция учурунда баалардын туура коюлушу каралат.
11. 3-тарап тарабынан жазылган апелляция каралбайт.
12. Конкурсанттын ден-соолугуна байланыштуу өзүн жаман сезүүсү апелляцияга негиз боло албайт.
13. Апелляция берүүчү апелляция тууралуу арызын конкурстун\экзамендин жыйынтыгына чейин күнү же эртеси күнү берүүсү керек.
14. Апелляцияга арыз берүүчү өзү келбей калса, апелляция кайра каралбайт.
15. Апелляцияны кароонун чечими төмөндөгүдөй болушу керек:
    - Апелляцияга берүүчүнүн талабы аткарылбайт, баа ошол бойдон калат;
    - Апелляциянын талабын аткаруу, бааны өзгөртүү;
16. Апелляциялык комиссиянын протоколу жазылат;
17. Апелляциялык комиссиянын чечими акыркы болуп эсептелет жана кайра өзгөртүүгө берилбейт.

**5-болүм. Жыйынтыктоочу жоболор.**

18. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.
19. Берилген жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү мектептин педагогикалык кеңешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип, бекитилет.

*Scanned by TapScanner*